УДК 371.3:74

Орозобаев А.К.

*К.Тыныстанова ат. ЫМУ*

# НАТУРАДАН СҮРӨТ ТАРТУУ - РЕАЛИСТТИК ИСКУССТВОНУН НЕГИЗИ ЖАНА ХУДОЖНИК–ПЕДАГОГДОРДУ ПРОФЕССИОНАЛДУУЛУККА ДАЯРДОО

*Натурадан сүрөт тартуу көркөм-өнөр жаатындагы окуучуларыбызга академиялык сабактан жарык, мейкиндик, пропорция, конструкция, форма жөнүндө түшүнүк берип, модел дештирүүгө өзгөчө өбөлгө түзөт. Башкача айтканда, окуп-үйрөнүү сүрөтүнүн (натуранын) мааниси кеңири түшүндүрүлөт. Реализмди кабылдоодогу эстетикалык көркөм табиттин калыптанышында академиялык сабактын, окуп үйрөнүү сүрөтүнүн жана чыгармачылык сүрөт тартуунун мааниси, мазмууну баяндалат.*

Коомдун алмашылышы менен, искусствонун максаты да алмашары бизге белгилүү. Кайра куруу мезгилинде искусствонун багыты жана маңызы дагы түп тамырынан бери өзгөрдү. Мурунку доордогу искусстводогу реализмдин өнүгүшүн эске алсак, азыркы учурдагы реализмдин өнүгүшү дагы учурга дал келип тургандай. Мына ушул себептерден улам художниктерибиздин темалары жапырт реализм багытында өнүккөндүгүн алардын иштеринен көрүүгө болот. Реалисттик искусствонун негизин эмне түзөт жана профессионалдуу художник–педагогдорду даярдоодо анын орду жөнүндө айтылмакчы. Реалисттик искусствонун негизин натурадан сүрөт тартуу түзгөндүктөн, окуп үйрөнүү сүрөтү менен чыгармачылык сүрөттөрдүн орду, максаты жөнүндө айтылмак.

Окуп үйрөтүү сүрөтүнүн максаты жалпы эле сүрөт искусствосунун максаттарынан келип чыгат. Ал эми реалисттик искуссвонун максаты болуп турмуштун ачык айкын чагылышы болуп эсептелинет. Окуп үйрөнүү сүрөтү, реалдуу чындыкты туура көрүп, түшүнүүгө үйрөтүү менен, ишенимдүү сүрөттөөнүн жолдору жана эрежелерин көрсөтөт. Ал эми окуу академиялык сүрөт, художникти керектүү билим менен куралдандырып, сүрөт искусствосунун мыйзамдарын үйрөтүп, чыныгы графикалык сүрөттөөнү түзөт. Демек, реалисттик сүрөттөө көрүүчүлөргө образдуу, жеткиликтүү болуу керек. Жаш художник натурадан сүрөт тартууда жаратылыштын, форманын түзүлүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн перспектива законунун негизинде, тегиздик бетине туура сүрөттөө закондору менен, пластикалык анатомиядан сүрөт тартуу курсу реалдуу сүрөттөөнү берип, көркөм маданияттын, билимдин зарылчылыгынан улам, чыгармачылык ишинде пайдаланууга өбөлгө түзөт.

Художниктин алдында көркөм образды түзүүдө кандай максаттар бар? деген суроо туулат. Сүрөт искусствосунун терминдеринин кыскача сөздүгүндө «…көркөм образды түзүү, нерселердин жана окуялардын мүнөздөрүн белгилеп, дааналоо, – деп түшүндүрүлөт. Бул түшүндүрмөдөн академиялык сүрөттөн студентке эмне талап коюлат деген суроо туулат. Натурадан эң маңыздууларын белгилөө, эң башкыга көңүл буруу, экинчи маанидеги нерселерди ыргытып салуу, форманын мүнөзүн, түзүлүшүн туура түшүнүү болуп эсептелинет. Башкача айтканда, жаратылыш закондорун терең үйрөнүү, художниктин нерсенин формасын туура үйрөнүүгө методикалык багыт бере алат. Улуу устаттарыбыз даярдык сүрөттөрү натурадан иштелбесе, бул чыгармачылыкка жетишсиз деп эсептешкен. Картонго, таарга контурный сүрөт түшүрүүдөн мурун, ар бир нерсенин формаларын тактык менен тартышып, майда баратын эске алуу менен, натурадан иштешкен. Мындан биз чыгармачылык иштерди даярдоодо дагы натурадан сүрөт иштөөнүн ролу бар экендигин далилдей алабыз. Жогорудагы айтылган нерселерден улам, натурадан сүрөт тартуу художникке форманын мүнөзүн аныктоого жана нерсенин ишенимдүү образын түзүүгө жардам берет. И.Н.Крамскойдун «Бүтпөгөн азап кайгы» деген картинасын алып карасак, ыйлаган аялдын эмоцианалдуу бетинин образын издөө менен, жарыктын формага берген таасиринин закон ченемдүүлүктөрүн издеген. Формалисттик искусствонун адамдары, искусствонун илимий жагы художниктин чыгармачылыгына терс таасирин тийгизет дешкен. Буга макул болуу туура эмес. Тескерисинче, искусствонун илимий жагы художниктин ишин жеңилдетүү менен, чыгарманы бийик деңгээлге көтөрөт деп айтууга толук акылуубуз.

Кайра жаралуу мезгилиндеги улуу устаттарыбыз өзүлөрүнүн эмгектеринде «эң мыкты мугалимибиз – бул натурадан сүрөт тартуу» деп бекеринен белгилеп кетишкен эмес. Мындан тышкары, үйрөнүп сүрөт тартуу бул реалдуу чындыкты чагылдыруунун эреже, закондорун үйрөтпөстөн, реализмге болгон айкын чындыкты берүү эсептелинет. Мына ушул себептен улам, художниктин айлана–чөйрөнү туура кабылдоосу келип чыгат. Художниктин байкоочулук касиети дагы чындыкка-чыгармачылыкка импульс берип туруу менен бирге, чыгармачылыктын мүнөзүнүн багытын аныктап турат. Натурадан сүрөт тартуу художник-реалисттин чыгармачылыгынын негизи болуп саналат. Художникке реалдуу дүйнөнү кабылдоо үчүн натурадан сүрөт тартууну жаратылышты таанып билүүнүн методу катары көрүшкөн. Илим изилдөөчүлөр реалдуу дүйнөнү таанып билүүнүн каражаты катары байкоочулукту таанып билишкен. Ал эми байкоочулук натурадан гана сүрөт тартууда калыптанат жана өнүгө алат. Башкача айтканда, көз менен бардыгына байкоо жүргүзүү, салыштыруу, анализдөө, топтоо гана натурадан сүрөт тартуу процессинде өнүгө алат. Эки өлчөмдүү тегиздикте, үч өлчөмдүү форманы сүрөттөөдө адамдын мейкиндиктеги ой жүгүртүүсү образды өнүктүрүүгө жөлөк боло алат.

Натурадан сүрөт тартуу нерселердин формасы, структурасы, мейкиндик, жарыктын жана башка шарттарынын таасирин билүү, акыл образынын калыптанышына алып келет. Кандай жанрда художник иштебесин, натурадан сүрөт тартууга абдан чоң көңүл бөлүп келишкен. Кандай сюжет болбосун, сөзсүз түрдө натурадан сүрөт тартуу башкы орунду ээлеп турган. Мисалы: Леонардо да Винчинин Милан монастырына жазылган «Библия» сюжетине арналган «Жашыруун кеч» деген эмгегин алып карасак, көп миңдеген жылдар өтсө дагы, монастырдын эмеректерин, идиш-аяктарды натурадан жазган. Адамдын сүрөтүн тартууда дагы натурадан сүрөт тартууну пайдаланышкан. Мына ушул себептен улам, натурадан сүрөт тартуунун агартуучулук жана тарбиялык маанисин таанып билүүнүн чоң мааниси дагы белгиленген. Сүрөтчү илимсиз эч кандай нерселердин формасынын түзүлүшүн чечмелей албайт деген.

Гёте өз кезегинде бул жөнүндө мындай деп салыштырат: «Жаратылышты көркөм билимсиз түшүндүрүү бул - адамды жаратылыштан жана искусстводон бөлүп салуу» - деген. Эгерде художник искусствосунун техникасын өздөштүрсө жана илимий бай билими менен жогорку формадагы идеясын ишке ашыра алат деген.

Окуп үйрөнүү сүрөтүндө таанып билүү методу, форманы анализдөөдө акырындап өз жолу менен өтөт. Мисалы үчүн, студент баштын формасын, түзүлүшүн гипс формаларын тартуу менен, адамдын баш сөөгүн тартып, тирүү адамдын сүрөтүн тартууга өтөт. Гипс формалардан сүрөтчү классикалык кармалынган пропорцияны, жалпы форманы үйрөнүү менен, натурадан эң башкыны көрүүгө үйрөнөт. Ал эми анатомиялык сүрөт форманын түзүлүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн анализдөөгө калыптанат. Кыскасы, эч максатсыз көчүрбөө керек. Тирүү адамдын башынын сүрөтүн тартуу бул - көркөм образды табуунун үстүндө иштөө дегенди билдирет. Мындай метод болсо, художниктин татаал чыгармачылык иштеринин ийгиликтүү чечилишине жардам берген. Бул методду эски Көркөм Академиянын тарбиялануучулары да көп пайдаланышкан. Мисалы үчүн, А.Ивановдун «Христтин эл алдында пайда болушу» деген эмгегин жазууда Академиялык мектептин сабагын унутта калтырган эмес. Кулдун эмоционалдуу образын табууда художник натурадан сүрөт тартуунун гипс моделинин сүрөтүн тартып, пайдаланып, натурадан бир нечелеген этюддарды жазган. Окуп - үйрөнүү сүрөтүндө окуучулар натураны үйрөнүп, анын түзүлүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн таанып биле алат. Башкача айтканда, натура үлгү катары кабыл алынат. Ал эми чыгармачылык сүрөттө болсо, сүрөтчү натуранын образын кайра иштеп чыгат. Натура бул учурда үлгү катары гана кызмат кылып калат. Чыгармачылык сүрөттө художник натурадан көркөм образды кайра иштеп чыгат. Натура бул учурда жардамчы материал катарында гана калат. Художник натураны так берүүгө аракет кылбай, көркөм образды даана берүүгө жардам берет. Мисалга, Д.С. Моордун «Жардам бер» деген плакатын айтсак болот. Окуп - үйрөнүү сүрөтү менен чыгармачылык сүрөт бири-бири менен тыгыз байланышта болуу менен, айырмачылыктары да бар. Баштын анатомиялык түзүлүштөрүн дагы жакшы билүү керек.

Академиялык сүрөттүн курсу – келечектеги художник-педагогдордун искусствого болгон туура мамилесин калыптандыруу менен, искусствонун турмуштагы мазмунун ачып, келечектеги педагогдорго идеялык-эстетикалык тарбия бермекчи. Ал эми бул болсо, өз учурунда өсүп келе жаткан жаш муундардга кооздукту баалоого, барктоого, түшүнүүгө таасирин бермекчи. Академиялык сүрөттүн азыркы учурдагы мектеби бекеринен эле, жөн жерден пайда болгон эмес. Ал орус искусствосу менен дүйнөлүк искусствонун өзгөчөлөнгөн традицияларын ичине сиңире алган. Башкача айтканда, окутуунун методунун негизин натурадан сүрөт тартуу түзүп келген. Реалисттик сүрөт тартуу мектебининин негизин байыркы гректердин художниктери түптөгөн. Алар реалисттик чындыкка жандуу кызыгуу менен карап, көрүнүштөрдү математикалык тактык менен жаратылыш закондорун таанып билип, адамды жаратылыштын ачык-айкын жараткычы катары көргөзгөн. Кайра жаралуу доорунда художниктер бул багыты аркалоо менен, илимий-теориялык багыттагы жаңы позицияны негиздеген. Альберти, Леонардо да Винчи, Дюрердин трактаттарында сүрөт тартуу искусствосун илим катары аныктайт. Ал эми окутуунун, үйрөтүүнүн негизин натурадан сүрөт тартуу деп эсептешкен. Тактап айтканда, реалдуу айкындыкты таанып билүүнүн методун натурадан сүрөт тартуу деп кабылдашкан. XVII-XVIII кылымдарда сүрөт тартуу өз алдынча окуу сабагы – академиялык сүрөт тартуу - болуп бөлүнүп, көркөм сүрөт жаатындагы жогорку окуу жайларынын негизги окуу предмети болуп эсептелген. Академиялык сүрөт тартуу илимий-теориялык терең негизге негизделген. Методикалык негиздерине педагогика, психология, физиология жана башка илимдердин илимий изилдөөлөрүнүн так маалыматтары пайдаланылган. Мындай мүмкүнчүлүктөр, көркөм-педагогикалык окуу жайларынын тарбиялануучулары академиялык сүрөт тартуунун курсу негизин туура, тез кабылдоо менен, мектептердеги сүрөт искусствосунун методикасын жемиштүү түптөгөн. Сүрөт искусствосунун негизи болгон – академиялык сүрөт тартуунун курсу айлана-чөйрөнү, жаратылышты туура кабылдоого алып келген. Бул болсо таанып-билүүнүн милдети: натурадан сүрөт тартуу гана реалдуу чындыкты биле алат дешкен. Байыркы гректердин художниктери да бул ойго толук кошулган. Алар натурадан сүрөт тартуунун тарбиялык маанисине көбүрөөк көңүл бурушкан. Көрүнүктүү педагогикалык ойчулар: Я.А.Коменский, Д.Люк, Ж.Ж.Руссо, И.Г.Песталоцци, И.И.Бецкой, К.Д.Ушинскийлер да бул идеяны бир жактуу колдошкон. Ушуну менен бирге эле, окуу академиялык сүрөт, студенттерге сүрөт искусствосунун алгачкы билимдерин берүү менен бирге, студенттердин өз алдынча чыгармачылык иштерине терең база түзмөкчү. Художник-педагог профессионалдык начар даярдыгы менен, балдарга искусствону түшүнүүгө, көрүүгө жалпы эле турмуштагы жана искусстводогу кооздукту түшүндүрө албайт. Сүрөт искусствосунун мугалимине сүрөт тартууну жакшы өздөштүрүү зарылчылыгы келип, талапты өзүнө коё билүүгө үйрөнүү керек. Бул художник-педагогдордун колундагы көрсөтмөлүүлүктүн эффективдүү каражаты болуп эсептелет. Сүрөттүн жардамы менен форма түзүүнүн закон ченемдүлүктөрүн адамдын тулку боюнун конструктивдүү-анатомиялык түзүлүштөрүн ача алат. Окуп үйрөнүнүн академиялык сүрөтү университетте студенттердин теориялык билимин көтөрүү менен, практикалык иштөө-эрежелерин топтоп, жаштарга көркөм жана эстетикалык билим берүүнү максатка ашыруу болуп эсептелинет.

Академиялык сүрөттүн негизги абалдарын көркөм - графикалык факультеттин студенттери өздөштүрүү менен, педагогикалык чыгармачылыктарында пайдалана алышат. Чындыгында, окуп - үйрөнүү сүрөтү менен чыгармачылык сүрөт чыгармачылык процессти камтыганы менен, өз ара мүнөздөрү менен, активдүүлүк даражасына жараша болот. Ошондой эле окуп - үйрөнүү сүрөтүндө чыгармачылык потенциал чыгармачылык сүрөткө караганда бир канча жогору турат. Натурадан сүрөт тартуу студентердин айлана-чөйрөгө, жаратылышка болгон аяр мамилесин калыптандырмак.

**Адабияттар:**


1. Ростовцев Н.Н. Учебный рисунок. -М.: Просвещения, 1985. –стр. 232-242.
2. Беда Г.В. Основы изобразительной грамоты. -М.: Просвещения, 1981. –стр. 220.
3. Ростовцев Н.Н. Академический рисунок. -М.: Просвещения, 1984. – стр.209.

4. Барышников А.П. Перспектива. /Учеб. пос. для ВУЗов. –М.: Искусство, 1955., стр. 65
5. Беда Г.В. Живопись. В помощь начинающим и самодеятельным художникам. - М.: Искусство, 1971. стр. 120.